КР Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Илимий-техникалык кеңешинин 2019-жылдын 2-майындагы № 2 чечими менен жактырылган

КР Өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Коллегиясынын 2019-жылдын 17-майындагы № 22 токтому менен бекитилген

# В.И. Блинников атындагы Алтын медалын ыйгарууга талапкерлерди көрсөтүүнүн тартиби

Бул Тартип 2004-жылдын 15-19-ноябрында Евразия патенттик уюмунун (мындан ары ЕАПУ) Административдик кеңешинин он алтынчы отурумунда бекитилген “Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн” В.И.Блинников атындагы алтын медалы жөнүндө жобого ылайык В.И.Блинников атындагы алтын медалды ыйгарууга талапкерлерди көрсөтүүгө жана тандоого тартипти жөнгө салат.

## I. Жалпы жоболор

1. “Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн” В.И.Блинников атындагы алтын медалы (мындан ары – Алтын медалы) ЕАПУнун негиздөөчүсү, Евразия аймагынын интеллектуалдык менчик жаатындагы көрүнүктүү ишмер Евразия патенттик ведомствосунун биринчи Президенти Виктор Иванович Блинниковдун урматына уюштурулган жана эстелигине арналган ЕАПУнун сыйлыгы болуп саналат.

2. Алтын медалы менен ойлоп табуучулар, интеллектуалдык менчик жаатындагы адистер жана уюмдар, ойлоп табуучулукту жана патенттик ишти түзүүгө, орнотууга, өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкон башка жеке жана юридикалык жактар (мындан ары – Талапкерлер) сыйланышат.

3. Алтын медалы менен сыйлоо жылына бир жолу жүргүзүлөт. Бир сыйлоонун алкагында төмөнкү медалдар ыйгарылат:

– ойлоп табуучулук ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн;

– патенттик ишти өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн.

4. Сыйлыкка берилген материалдарды кароо жана баалоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (мындан ары – Кыргызпатент) алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиуму тарабынан жүзөгө ашырылат.

5. Кыргызпатент ЕАПУга сунуштаманы берүү жолу менен, Талапкерлерди Алтын медалы менен сыйлоо тууралуу өтүнөт.

## II. Талапкерлерди көрсөтүүнүн жана тандоонун тартиби

6. Талапкерлерди Алтын медалдын талапкерлигине көрсөтүү укугу Кыргыз Республикасынын министрликтерине, ведомстволоруна, илимий жана илим-изилдөө мекемелерине, илимий-техникалык коомдоруна жана коомдук уюмдарына берилет (мындан ары – Уюмдарга).

Уюмдар Алтын медалдын талапкерлигине бир Талапкерди гана көрсөтүү укугуна ээ.

7. Алтын медалы менен сыйлоого көрсөтүү Уюм тарабынан Кырыгзпатенттин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун катчылыгына ошол жылдын 1-ноябрынан кеч эмес мөөнөттө берилет.

8. Алтын медалдын талапкерлигине Талапкерди көрсөткөн Уюм сунуштаманы аталманы көрсөтүү менен, Уюмдун жетекчисинин колу коюлган жана мөөр басылган уюмдун бланкында кагаз жана электрондук түрүндө берет.

Сунуштамага Алтын медалы менен сыйлоого Талапкерди көрсөтүү тууралуу Илимий кеңештин, же эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун протоколунун көчүрмөсү тиркелет.

9. Алтын медалы менен сыйлоо тууралуу сунуштама төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) жактын ойлоп табуучулукка жана патенттик ишке кошкон салымы жөнүндө маалыматтарды;

б) сыйлоого көрсөтүлүүчү жак жөнүндө маалыматтарды.

Бул Тартиптин а) жана б) пунктчаларында көрсөтүлгөн маалыматтар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

*жеке жактар үчүн:*

- фамилиясын, атын, атасынын атын;
- паспорттук маалыматтарын, туулган күнүн, жарандыгын жана жашаган жерин кошуп;
- паспорттун көчүрмөсүн;
- 2 даана 3×4 см түстүү сүрөттү;
- ээлеген кызмат ордун көрсөтүү менен иштеген жеринен маалымкатты;
- болгон илимий даражасын жана/же илимий наамын (документтин көчүрмөсүн);
- эмгек ишмердүүлүгүнүн кыскача мүнөздөмөсүн;
- мамлекеттик сыйлыктарын көрсөтүү менен ойлоп табуучунун ишмердүүлүгү жөнүндө маалымкатты (ойлоп табуу ишмердүүлүгү үчүн кайсы сыйлыктары жана сыйлоолору бар, даталарын жана башка реквизиттерди көрсөтүү менен);
- жаратылган ойлоп табуулар тууралуу кыскача маалымкатты;
- ойлоп табууга алынган колдонуудагы, анын ичинде чет өлкөлүк патенттердин тизмесин;
- өндүрүшкө киргизилген ойлоп табуулардын экономикалык натыйжасын көрсөткөн ырастоочу документтери менен кошо ойлоп табуулардын тизмесин, ошондой эле ойлоп табууну өндүрүшкө киргизген ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын сын-пикирлерин;

- акыркы 2-3 жылдын ичинде изденүүчүнүн ойлоп табуучулук ишине салымы жөнүндө маалыматты (ошол эле жетишкендиктер үчүн кайталап сыйлоону болтурбоо максатында);

- изденүүчүнүн илимий эмгектери жана басылмалары жөнүндө "Россия илимий цитаталоонун индекси", Scopus жана ж.б. маалымат базаларын колдонуу менен Хирш индексин көрсөтүүчү маалыматты;

- байланыш маалыматтарын;

*юридикалык жактар үчүн:*

- юридикалык жакты мамлекеттик каттоо тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсүн;

- юридикалык жактын ишмердүүлүк чөйрөлөрү жана өнөр жай менчик объектилерин пайдалануу менен аларды базарга өткөрүү тууралуу кыскача маалыматтарын;

- юридикалык жакка таандык болгон өнөр жай менчигинин объекттерине алынган, анын ичинде чет өлкөлүк колдонуудагы патенттердин тизмесин;

- өндүрүшкө киргизилген инновациялык технологиялардын жана иштеп чыгуулардын тизмесин (ишке киргизүү жана экономикалык натыйжасы жөнүндө көрсөтүүчү тастыктаган документтер менен кошо);

- эл аралык жарманкелердин жана көргөзмөлөрдүн медалдарынын, дипломдорунун жана башка сыйлыктарынын болушун;

- юридикалык жактын ишмердүүлүгүндө өнөр жай менчик объектилерин пайдалануу боюнча лицензиялык макулдашуулардын саны жөнүндө маалыматтарын.

10. Алтын медалы менен сыйлоого сунуштамалар Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун отурумунда, 2ден (экиден) кем эмес сунуштама келип түшкөндө каралат.

11. Алтын медалы менен сыйлоого Талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечим Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрү тарабынан жашыруун добуш берүү жолу менен, катышуучулардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

12. Добуштарды саноо Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрүнүн курамынан шайланган, 3 адамдан турган эсептөө комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

13. Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун чечими протокол менен тариздelip, бардык катышуучу мүчөлөрү тарабынан кол коюлуп, Кыргызпатенттин Коллегиясынын кароосуна берилет.

14. Кыргызпатент тиешелүү сунуштаманы ЕАПУга жөнөтөт.

15. ИМБДУнун Алтын медалын жана/же сыйлыгын алган Талапкер Алтын медалын ыйгарууга өзүнүн талапкерлигин үч жылдан эрте эмес убакытта көрсөтүүгө укуктуу.

16. Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрү Алтын медалын алууга талаптанууга укугу жок.

## III. Алтын медаль менен сыйланууга талапкерлерди тандоонун чен белгилери

17. Алтын медалы менен сыйланууга Талапкерлерди көрсөтүү төмөнкү чен белгилер менен жүргүзүлөт:

а) ойлоп табуу ишине кошкон салымы үчүн:

– ойлоп табуусу атаандаштыкка жөндөмдүү, жогорку техникалык деңгээлдин чен белгилерине жооп берген, ошондой эле ойлоп табууну колдонууда экономикалык натыйжалуулукка, илимий-техникалык жана социалдык маанилүүлүккө ээ болгон ойлоп табуучу;

– евразиялык патенттик жол-жобо боюнча, алардын ойлоп табууларына берилген евразиялык патенттер иште колдоого алынган жана конкреттүү практикалык натыйжаларга ээ болгон шарттарга негизденип, бир кыйла активдүү патенттөөчү ойлоп табууну түзгөн ойлоп табуучу;

б) патенттик ишке кошкон салымы үчүн:

– интеллектуалдык менчик системасын өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкон жак;

– ойлоп табуучулук ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө олуттуу таасир көрсөткөн, интеллектуалдык менчик жаатындагы илимий эмгектердин жана жарыялоолордун автору.